# Бал



Автор: Миргүл Наралиева
Сүрөтчү: Айжамал Бейшембек кызы

# Бал

Автор: Миргүл Наралиева
Сүрөтчү: Айжамал Бейшембек кызы

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.


"Бал" (кыргыз тилинде), автор Миргүл Нaралиева,
сүрөтчү Айжамал Бейшенбек кызы.



Бал кайдан келерин билесиңерби? Балды жумушчу аарылар чогултат. Кантип дейсиңерби? Аарылар түрлүү гүлдөргө конушат. Алыс жактарга учушат.



Гүлдүү талааларга учуп барышат. Гүлдүн ширесин соруп, жемсөөсүнө чогултуп, аны уюктарга куюшат.



Уюк – аарынын үйү. Момдон бардык көзөнөктөрүн бирдей кылып аарылар өздөрү жасашат. Уюк алты бурчтуу болот. Аарылар – табигый инженерлер.



Бал челектеги көп аарынын арасында эне аары жашайт. Ар бир жумушчу аарынын жумушу өзүнө бөлүнгөн. Бал чогулткан аарылар, уюктун ичин тазалаган жана күзөтчү аарылар бар. Баары тартиптүү болушат.



Бал абдан пайдалуу. Иммунитетти бекемдейт. Көп оорудан айыктырат. Күчтүү болууга жардам берет.



Достор, бал жеген кандай сонун!

Бал өтө эле таттуу. Тиштин эмалын бузушу мүмкүн. Ошондуктан ашыкча жегенге да болбойт. Бал – күчтүү азык. 6 жаштан өйдө балдар күнүнө 3-4 кашык бал жесе болот. Балды ысык сууга салбаш керек – ысык сууда сапаты жоголот. 18 кашык кумшекердеги кубаттуулук 1 кашык балда бар.



Аары бир ай гана жашайт. Өмүрүндө бармактай эле бал чогултат.

Достор, пайдалуу бал бергени үчүн эмгекчил аарыларга алкыш айталы!

Автор: Миргүл Наралиева
Сүрөтчү: Айжамал Бейшенбек кызы

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- **2.1 деңгээли**
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли